6. Робот-андроид София стала подданной Саудовской Аравии [Электронный ресурс]. Информационное агентство ТАСС. – 2017. - Режим доступа: https://tass.ru/ekonomika/4680400.
7. **Калигиури, Э.** Австралийский судья постановил, что изобретения, разработанные с помощью искусственного интеллекта, могут претендовать на патентную защиту (Australian Judge Rules Inventions Developed By Artificial Intelligence Can Qualify For Patent Protection) [Текст] / Э. Калигиури, Т. Вайнтрауб // JD Supra. – 2021.
8. **Эбботт, Р.** Выдан первый патент на проект искусственного изобретателя (First Patent Granted to the Artificial Inventor Project) [Текст] / Р. Эбботт. – 2021.
9. **Левченко, А.И.** Гражданско-правовая ответственность за причинение вреда искусственным интеллектом [Текст] / А.И. Левченко // Уральский журнал правовых исследований. – 2022. - № 2. – С. 58-62.
10. **Малиха, Дж.** Кто несет ответственность, когда ИИ убивает? (Who Is Liable When AI Kills?) [Текст] / Дж. Малиха, Б.П. Рави // Научное издание Scientific American. - 2023.
11. Каким будет курс доллара к сому и каким он был за 30 лет? Большой разговор с ChatGPT о национальной валюте [Электронный ресурс] // Интернет-издание Tazabek. – 2023. – Режим доступа: https://www.tazabek.kg/news:1921357#.
12. **Романова, И.Н.** Проблемы юридической ответственности за вред, причиненный при использовании технологий искусственного интеллекта [Текст] / И.Н. Романова // Человек: преступление и наказание. – 2022. – Т. 30 (1–4), № 1. – С. 72–77.
13. **Михалева, Е.С.** Проблемы и перспективы правового регулирования робототехники [Текст] / Е.С. Михалева, Е.А. Шубина // Актуальные проблемы российского права. – 2019. - № 12 (109). – С. 26-35.
14. Резолюция Европейского парламента с рекомендациями Европейской Комиссии по режиму гражданско-правовой ответственности для искусственного интеллекта [Электронный ресурс]: резолюция от 20 октября 2020 г. № 2020/2014 (INL). – Режим доступа: www.europarl.europa.eu/doceo/document/TA-9-2020-0276_EN.html#title1.
15. **Истамкулов, Ж.У.** Права граждан на благоприятную окружающую среду [Текст] / Ж.У. Истамкулов // Наука. Образование. Техника. – Ош: КУУ, 2016. – №3,4. – С. 113 - 117.


DOI:10.54834/16945220_2023_2_256

Поступила в редакцию: 29.05.2023 г.

**УДК 34.343**

***Кокоева А.М.***
*д.ю.н., проф. Кыргызско-Узбек. Межд. универ. им. Б. Сыдыкова, Кыргызская Республика*
***Кокоева А.М.***
*преп. Ошского государственного университета, Кыргызская Республика*
***Жаасынбек к. А.***
*преп. Ошского государственного университета, Кыргызская Республика*

# ЖАШЫ ЖЕТЕ ЭЛЕК БАЛДАРДЫН УКУКТАРЫ ЖАНА АЛАРДЫ ИШКЕ АШЫРУУДАГЫ КӨЙГӨЙЛӨР

*Бул жумушта изилдөө предмети болуп жашы жете электердин кылмыштуулугунун мүмкүн болгон себептери жана шарттары эсептелинет. Изилдөөнүн максаты - жашы жете электердин кылмыштуулук маселелерин коомубуздун эң курч көйгөйлөрүнүн бири катары кара алардын коомдук коркунучтуу жосундарды жасашынын жүйөлөрү себептерин аныктоо. Изилдөөлөрдө адабияттарды, мыйзамдарды талдоо, салыштыруу жана жалпылоо илимий методдору колдонулган. Изилдөөлөрдүн жыйынтыгында жашы жете электердин кылмышка баруусу көбүнчө үй-бүлөлүк кырдаалга байланыштуу, мындан башка, чөйрө, баңгилик, алкоголизм, сойкулук жана башкалар экендиги белгиленди. Жашы жете электердин кылмыштуулугу азыркы учурда болуп жаткан жалпы кылмыштуулуктун бир бөлүгү экендиги көрсөтүлдү. Жалпысынан бардык кылмыштар сыяктуу эле, ал коомдук "өнөкөт" жана түбөлүк социалдык көйгөй катары белгиленди. Жашы жете электердин*

*кылмыштуулугун жана анын социалдык кесепеттерин азайтуу үчүн мамлекет, коом, үй бүлө аракеттери күчөтүлүүсү белгиленген. Мамлекет бул көйгөйдү чечүүнү өзүнө алышы жана терс кесепеттерди азайтууга багытталган натыйжалуу программаны иштеп чыгышы абдан маанилүү экендиги сунушталды. Билгиленген көйгөйдү чечүүнүн инструменттеринин бири турмуштук оор кырдаалда турган балдардын категориясын социалдык-укуктук коргоо системасы болуп саналары көрсөтүлдү.*

***Негизги сөздөр:*** *мамлекет; коом; үй бүлө; чөйрө; аракет; жашы жете элек; укук; милдет; ата-эне; тарбия; кароо; себептер; кылмыштуулук.*

## ПРАВА НЕСОВЕРШЕННОЛЕТНИХ И ПРОБЛЕМЫ ИХ РЕАЛИЗАЦИИ

*В данной работе в качестве предмета исследования рассматриваются причины и условия совершения преступлений против несовершеннолетних. Цель исследования – определение проблем преступности несовершеннолетних, как одну из самых острых проблем общества, совершения несовершеннолетними общественно опасных деяний. Выявлено, что совершение преступлений несовершеннолетними часто связано с семейными обстоятельствами, за исключением в частности окружающей среды, наркомании, алкоголизма и проституции. Преступность среди несовершеннолетних является частью общей преступности, которая имеет место сегодня. Показано, что все преступления в целом, обозначено как "хроническая" и вечная социальная проблема, поэтому систематические работы государства, общества и семьи по снижению преступности среди несовершеннолетних должны усиливаться, а ее социальные последствия снижаться. Даны рекомендации, чтобы государство взяло на себя решение этой проблемы и разработало эффективную программу, направленную на снижение негативных последствий. Предложено, что одним из инструментов решения этой проблемы является система социальной и правовой защиты категории детей, находящихся в трудных жизненных ситуациях.*

***Ключевые слова:*** *государство; общество; семья; среда; действие; несовершеннолетние, право; обязанность; воспитание; уход; причины; преступность.*

## THE RIGHTS OF MINORS AND THE PROBLEMS OF THEIR IMPLEMENTATION

*In this paper, the causes and conditions of committing crimes against minors are considered as the subject of research. The purpose of the study is to identify the problems of juvenile delinquency as one of the most acute problems of society, the commission of socially dangerous acts by minors. It was revealed that the commission of crimes by minors is often associated with family circumstances, with the exception, in particular, of the environment, drug addiction, alcoholism and prostitution. Juvenile delinquency is part of the general criminality that takes place today. It is shown that all crimes in general are designated as a "chronic" and eternal social problem, therefore the systematic work of the state, society and the family to reduce juvenile delinquency should increase, and its social consequences should decrease. Recommendations are given that the state should undertake to solve this problem and develop an effective program aimed at reducing negative consequences. It is suggested that one of the tools for solving this problem is the system of social and legal protection of the category of children in difficult life situations.*

***Key words:*** *state; society; family; environment; action; minors, right; duty; upbringing; care; causes; crime.*

ООНдун Генералдык ассамблеясынын 20-ноябрь 1989-жылдагы 44-сессиясында кабыл алынган, Баланын укуктары жөнүндөгү Конвенциясында, бала анын физикалык жана акыл эсинин жетилбегендигине байланыштуу атайын коргоого жана кам кордукка муктаж.

Бул Конвенциянын үй бүлө укугуна оорду өтө чоң мааниге ээ. Баланын үй бүлөдөгү оордун анын укуктарын жана көзкарандысыздыгын аныктайт.

Кыргыз Республикасында жашы жете элек баланын укуктары жөнүндө Кыргыз Республикасынын Уй бүлө кодексинин 12-главасында каралган. Баланын укуктары жөнүндөгү Бүткүл дүйнөлүк Конвенциядагыдай эле Кыргыз Республикасынын үй бүлө кодексинин 59-беренесинин 1бөлүмүндө он сегиз жашка толо элек адам бала деп эсептелинет [1].

Ар бир бала, үй бүлөдө жашоого, атасын да, энесин да билүүгө, алардан камкордук көрүүгө, ата-энеси менен чогуу жашоого укуктуу. Алар корголууга, өзүнүн оюн айтууга жана башкаларга укуктуу.

Баланын үйүндө жашоого жана тарбияланууга укугу - мамлекеттин балага үйдө жашоого жана тарбияланууга мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу укугу. Үй бүлөдө гана бала өз алдынча жашоого жөндөмдүү коомдун толук кандуу мүчөсү болууга мүмкүндүк берүүчү физикалык жана рухий жактан өнүгүүнү алат.

Биздин өлкөдө үй-бүлө мамлекеттин коргоосунда, демек ата-эне, бала үй-бүлөнүн бардык мүчөлөрүнүн укуктарын жана кызыкчылыктарын так сактоо үчүн бардык күч-аракетти жумшалышы керек. Ушуга байланыштуу, мамлекет мыйзам чыгаруу деңгээлинде белгилүү бир эрежелердин жыйындысын белгилейт, алар коомдун турмушунда болуп жаткан өзгөрүүлөргө ылайык мезгил-мезгили менен жаңыланып турушу керек. Бул эрежелерди сактоо гармониялуу үй-бүлөлүк жашоого өбөлгө түзөрүн жана аларды бузуу, башкача айтканда, кылмыш мамлекет тарабынан белгилүү санкцияларды колдонууга алып келерин эстен чыгарбоо керек.

Балалык жана өспүрүм курак – адам баласынын өнүгүүсүнүн маанилүү мезгилдери. Мээнин өнүгүү көз карашынан алганда, жашоонун ушул баскычтарында, мээнин көптөгөн структураларынын жана нейросистемаларынын тез жетилиши жүрөт. Бул таанып-билүү иштешине, эмоцияны жөнгө салууга, мотивацияга жана социалдык өз ара аракеттерге таасирин тийгизет. Чындыгында, өспүрүм куракта өсүп өнүгүү мүмкүнчүлүктөрү жана тобокелчиликтер менен байланышкан, айрыкча психикалык ооруларга байланыштуу сезимтал өнүгүү мезгили катары көбүрөөк түшүндүрүлөт. Ошондуктан, изилдөөнүн жыйынтыктары чагылдыргандай, балага жана анын психологиялык абалына үй-бүлө институтунун орду маанилүү. Өспүрүмдөрдүн дезадаптациялык процесстериндеги жүрүм-турумуна таасир этүүчү фактору болуп социалдашуунун негизги институттары - үйбүлө, мектеп, эс алуу чөйрөсү, эмгек дүйнөсү бүгүнкү күндө кризиске кептелгенин көрсөттү. Ал гана эмес, социалдык-экономикалык: материалдык жактан жашоо деңгээлдин төмөндөшү, жумушсуздук, миграция, аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдүн коомдогу абалы өспүрүмдөрдүн дезадаптациялык абалына таасирин тийгизбей койбойт. Алсак, үй-бүлөлүк кризис: толук эмес үй-бүлө, ата-эне тарабынан балдарга карата зордук - зомбулук, кароосуз калуучулук, аракечтик, баңгилик маселеси, ата-энелердин күнөөсү менен же экстремалдык шарттарда күч колдоону. Психологиялык жактан туруксуздугу: балдар менен психологиялык климаттын сакталбашы, балдарга айосуз мамиле жасоо, чоңдор тарабынан психикалык зомбулук көрсөтүү.

Жашы жете элек балдардын укуктук статусунун маанилүү көйгөйү-бул көбүнчө ата-энелер баланы тарбиялоодо анын инсан катары калыптанышынын жашы жете элек балага түздөн-түз багытталган аспектилерине гана көңүл бурушу (баланы мектепте окутуу, аны ар кандай клубдарга коштоп баруу ж.б.). Бул жашы жете элек баланын жашы жете электигине байланыштуу болушу мүмкүн. Бирок, баланын маданий-адеп-ахлактык өнүгүүсү биринчи кезекте ата-энелердин инсандык сапаттарына, алардын моралдык баалуулуктарына көз каранды.

Бүгүнкү күндө тарбиянын бул тарабы солгундап келет. Эгерде ата-эненин жүрүм-туруму балдарга терс таасирин тийгизсе, үй-бүлө кодекси ата-энелик укуктардан ажыратууга жол берет.

Ата-энелердин Конституциялык милдеттерин аткарышын камсыз кылуудагы эң маанилүү кемчилик, мамлекет, адатта, маселе өтө олуттуу болуп кетмейинче, тарбиялоо

процессинин сапаттык жагын четке кагат. Бул ата-эненин камкордугунун жоктугу, баланы бир нече күн тамаксыз калтыруу, баланын мектепке баруудан узак убакытка баш тартуусу жана башка [1].

Бир адамдын укуктары экинчисинин милдеттери менен байланыштуу. Ал эми баланын психикалык жана акыл-эсинин өнүгүүсү чоң кишилердикинен төмөн болгондуктан, мамлекет коомдун атынан ата-энелерди көзөмөлдөөгө милдеттенет. Демек, ата-эне баланы тарбиялоо үчүн балдардын алдында гана эмес, мамлекеттин алдында дагы жооп берет. Ошондуктан баланы тарбиялоо жана ага кам көрүү менен байланышкан ата-энелердин өз милдеттерин аткарбагандыгы же талаптагыдай аткарбагандыгы үчүн жоопкерчилик чараларын конкреттүү аныктоо зарыл, анткени Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында бул чаралар белгиленген.

Жыйынтыктап айтканда, жашы жете электердин укуктарын жөнгө салуучу ченемдерди практикалык колдонуу көйгөйлөрүнө кунт коюп мамиле кылуу жана жашы жете электердин арасында үй-жайсыздыкты жоюу, ошондой эле балдарга катаал мамиле кылуу фактыларын азайтуу үчүн реалдуу шарттарды түзө турган мыйзамдарга түзөтүүлөрдү киргизүү гана ата-энелердин баланын калыптанып жаткан психикасына терс таасирин тийгизүү ыктымалдыгын азайтат.

Психолог Зебинисо Ахмедова жашы жете электерди кылмыш жасоого түрткөн факторлор жөнүндө төмөндөгүлөрдү белгилеген, негизгиси балага келтирилген психикалык жана физикалык травма экенин айткан.

"Жашы жете электердин ортосундагы кылмыштардын көбү ата-энесинин ажырашуусунун натыйжасында, башкача айтканда, өспүрүмдөр өз алдынча чечим кабыл алуу мезгили башталганда болот. Өспүрүмдүн жетилүү мезгили 9-12 жаш жана 12-16 жаш курагында болот. Эгерде ушул мезгилде балада өзүнө болгон ишеним жана өзүн-өзү сыйлоо сезими пайда болбосо, анын кыялдары ата-энесинен колдоо таппаса, анда ал эч нерсеге жөндөмсүз сезе баштайт. Натыйжада, бул бала дүйнөнү жек көрүшү мүмкүн. Эгерде үй-бүлөдө эч ким баланын муктаждыктарына жана тынчсыздануулларына кызыкпаса, ага кайдыгер болсо, анын пикирин эске албаса жана ага каршы зомбулук көрсөтсө, анда ал кылмыш же шыкактоо жолу менен өзүн көрсөтүүгө аракет кылат. Эгерде бала психикалык жана физикалык жактан жабыркаса, анда ал башкаларга да ушундай кылуудан коркпойт. Жашы жете электердин укук бузууларын токтотуу боюнча программанын принциптерине ылайык өспүрүмдөрдү тарбиялоого жана укук коргоо органдары гана эмес, үй-бүлө, социалдык мекемелер, мектептер, жана жаштар уюмдары да катышууга тийиш [2,3].

Жашы жете электердин укук бузууларынын себептери жана шарттары, биринчи кезекте, алар коомдун конкреттүү тарыхый шарттарына жана коомдун институттарынын мазмунуна жана багытына жараша болот. Адамдын татыктуу жана жакшы жүрүм-турумун көрсөтүүгө даярдыгы же каалоосу, жогорку жоопкерчилик сезими, тартипти сүйүү, милдеттерди тез жана эффективдүү аткарууга болгон ынтызарлыгы адамдын жакшы сапаты катары бааланат. Адам ушул мүнөздөмөлөрдү чагылдыра албаганда, дезадаптациялык жүрүм-турум пайда болот. Дезадаптациялык деп белгилүү бир куракта адамдын айлана-чөйрөсүндө кабыл алынган жүрүм-турум эрежелерине каршы келген жана мындай жүрүм-турум ошол адамга, анын айланасындагыларга терс таасирин тийгизет [4,5].

Ушул теориялардын бардыгы өспүрүмдөрдүн укук бузууларын детерминанттардын мазмунуна туура келген криминогендик факторлорду тормоздоо механизмдери жана каражаттары аркылуу канааттандырарлык түрдө түшүндүрүп, чечмелей алат.

Жыйынтыктап айтканда, жашы жете электердин укук бузууларынын жана тез өсүшүнүн негизги себеби экономикалык кырдаалдын кескин начарлашы жана коомдогу чыңалуунун

кескин начарлашы себеп боло алат. Анткени, мунун бардыгы чоңдордун укук бузууларына таасир этет, бирок жашоо деңгээлинин тез төмөндөшү көпчүлүккө таасир берет анын катарында жашы жете электерге. Буга жашы жете электердин айырмалоочу өзгөчөлүктөрү (акыл-эси туруксуз, нарк тутуму аягына чейин түзүлбөйт) чоңдор алда канча ийгиликтүү каршылык көрсөткөн факторлорго көбүрөөк кабылышат. Ошентип, көптөгөн өспүрүмдөр өз муктаждыктарын мыйзамдуу түрдө канааттандыра албай, керектүү буюмдарды жана өнүмдөргө жетүүгө өз каалоолорун ар кандай аракеттери менен көп учурда кылмыш жасашат.

**Жыйынтыктар:**

1. Изилдөөлөрдүн жыйынтыгында жашы жете электердин кылмышка баруусу көбүнчө үй-бүлөлүк кырдаалга байланыштуу, мындан башка, чөйрө, баңгилик, алкоголизм, сойкулук жана башкалар экендиги белгиленди;

2. Жашы жете электердин кылмыштуулугу азыркы учурда болуп жаткан жалпы кылмыштуулуктун бир бөлүгү экендиги көрсөтүлдү. Жалпысынан бардык кылмыштар сыяктуу эле, ал коомдук "өнөкөт" жана түбөлүк социалдык көйгөй катары белгиленди;

3. Жашы жете электердин кылмыштуулугун жана анын социалдык кесепеттерин азайтуу үчүн мамлекет, коом, үй бүлө аракеттери күчөтүлүүсү белгиленген. Мамлекет бул көйгөйдү чечүүнү өзүнө алышы жана терс кесепеттерди азайтууга багытталган натыйжалуу программаны иштеп чыгышы абдан маанилүү экендиги сунушталды;

4. Белгиленген көйгөйдү чечүүнүн инструменттеринин бири турмуштук оор кырдаалда турган балдардын категориясын социалдык-укуктук коргоо системасы болуп саналары көрсөтүлдү.

**Адабияттар тизмеси:**


1. Конституция Кыргызской Республики. Официальный сайт Правительства Кыргызской Республики [Электронный ресурс]. – Режим доступа: http://www.for.kg/ru/news/160306/. – Загл. с экрана.
2. **Абрамова, Г.С.** Возрастная психология [Текст] / Г.С. Абрамова. – Екатеринбург: Деловая книга, 1999. – 230 с.
3. **Агаева, И.** Ребенок должен жить в семье [Текст] / И. Агаева. – Режим доступа: http://www.delodobroe.ru/content/articles/2439/index.php.
4. Дети, не посещающие школу в Кыргызстане [Текст]. – Бишкек: ЮНИСЕФ, 2008. – 120 с.
5. **Каримова, Д.С.** Мектеп жашындагы балдардын социалдык дезадаптациясы (социологиялык талдоо) [Текст]: автореф. дис...канд. соц. наук: 22.00.04 / Д.С. Каримова. – Бишкек, 2022.
6. **Кокоева, А.М.** Кыргыз элинин укуктук маданияты мамлекеттин өнүгүшүнүн негизи катары [Текст] / А.М. Кокоева // Наука. Образование. Техника. – Ош: КУУ, 2018. – №2. – С. 115 - 118.


DOI:10.54834/16945220_2023_2_264

Поступила в редакцию: 31.01.2023 г.

**УДК 343.**

***Супатаева Ж.Э.***
*к.ю.н., доцент Кыргызского национ. универ. им. Ж.Баласагына, Кыргызская Республика*

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖАҢЫ КЫЛМЫШ-ЖАЗА МЫЙЗАМДАРЫН ЖАКШЫРТУУНУН АЙРЫМ МАСЕЛЕЛЕРИ

*Бул жумушта изилдөөнүн предмети катары Кыргыз Республикасынын жаңы Кылмыш-жаза мыйзамдарын жакшыртуунун айрым маселелери эсептелинет. Изилдөөнүн максаты болуп Кыргыз*